№ 1 педагогикалык
кеңешменин чечими
менен каралды.
«30» 08 2022-ж.

"Бекитемин"
мектеп директору:
Сарытаева Д. Т.
«01» 09 2022-ж.

# Мектепте уюлдук телефондорду колдонуу боюнча нускамалар

**1. Киришүү**

Уюлдук телефон жеке колдонуучу каражат жана кымбат баалуу буюм болуп саналат.
Телефондун негизги максаты - муктаждык пайда болгон учурда тез байланышты ишке ашыруу.

**2. Жалпы жоболор.**

Мектепке уюлдук телефондорду алып келүүгө тыюу салынат, бирок мукаждык болсо, окуучу мектеп имаратында уюлдук телефонду колдонууда төмөнкү көрсөтмөлөрдү аткарышы керек:

1.Мектепке киргенден кийин телефондогу үн сигналын өчүрүп, титирөө режимине коюңуз.

2. Сабак учурунда телефон чалбаңыз.

3. Мектеп окуучулары жана алардын ата-энелери сабак учурунда эч кандай сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө болбостугун эстеп, түшүнүүгө жана бул көрсөтмөлөрдү өз алдынча бузууга аракет кылбоого милдеттүү.

4. Мугалимдер сабак учурунда эч кимге жооп бербеш керек, телефон чалууга уруксат берилбестигин эстен чыгарбашы керек.

Окуучулар бул максатта сабакты калтырууну сураныШпашы керек.

5. Телефон менен сүйлөшүүгө тыныгуу учурунда гана уруксат берилет,ошол учурда да телефондо катуу сүйлөшүүгө тыюу салынат.

6. Телефондогу орнотулган МП плеерлер менен мектептин ичинде музыка угууга тыюу салынат, муну мектептен тышкары жерде гана колдонууга болот.

7. Эгерде окуучулардын сабактары жок болсо, бул учурда да каридордо жүрүүгө, телефон менен сүйлөшүүгө же музыка угууга да тыюу салынат.

8. Окуучулардын телефондору жоголуп кетпеш үчүн бири-бирине телефон көрсөтүүгө, мобилдик оюндарды ойноого тыюу салынат.

**3. Көрсөтмөлөрдү бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**.

Окуу процессинин катышуучулары

1. Окуу процессинин катышуучулары ушул нускаманын жоболорун бузса, алар окуу жайдын уставына, эмгек тартибинин эрежелерине ылайык окуучуларга бирдиктүү талап боюнча жоопкерчилик тартышат.

2. Мектеп мугалимдери окутулуп жаткан предметине, иш стажына, мектептеги нөөмөт тартибине карабастан, бул нускаманын аткарылышын дайыма көзөмөлдөп турууга жана мыйзам бузуулар жөнүндө мектеп администрациясына билдирүүгө милдеттүү.

3. Бул нускаманы бир жолу бузганда окуучуларга эскертүү, кайталап бузган учурда сөгүш, үч жолу бузган учурда уюлдук телефон алынып, ата-энесине гана кайтарылып берилиши мүмкүн.

4. Бул нускаманын аткарылышын көзөмөлдөө мектеп администрациясына жүктөлсүн.

5. Ал эми мектептин аймагында уюлдук телефон жоголгон учурда администрация бул факты боюнча эч кандай жоопкерчилик тартпайт, анткени бул нускама мындай мүмкүнчүлүк жок экенин эскертет жана жоготуу фактысы талаптарды аткарбоо катары каралат. Уурулук кылган адамдарды издөө жана аныктоо боюнча эч кандай чаралар көрүлбөйт.

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
2023-жылдын 30-августу № 1655/1
буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын чектелүү түрдө колдонуу тууралуу Сунуштар**

1. Ушул Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын чектелүү түрдө колдонуу тууралуу Сунуштар окуучулардын ден соолугунун начарлашынын алдын алуу, окуу-тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында иштелип чыкты.

2. Эрте куракта уюлдук байланыш каражаттарын колдонуп баштоо жана аларды узак убакытка чейин колдонуу баланын акыл-эсинин бузулушуна, ашыкча кыжырлануу, узакка эске тутуусунун жана акылынын жөндөмүнүн төмөндөшүнө, уйкусунун бузулушуна алып келүүчү факторлор болуп саналат.

3. Төмөнкү учурларды кошпогондо Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын колдонууга чектөө киргизүү сунушталат:

3.1. Маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн окуу предмети боюнча маалымат издөөдө.

Смартфондордун мүмкүнчүлүктөрү аркылуу окуучулардын маалыматты өз алдынча издөөгө, талдоого, тандап алууга, иштеп чыгууга, негиздүү тыянактарды түзүүгө, анын аныктыгын баалоого, сынчыл ой жүгүртүүгө жана өз ишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу боюнча толук кандуу чечимдерди кабыл алууга даярдыгын жана жөндөмүн калыптандырууга жардам берет.

3.2. Окуу процессинде онлайн тесттерди түзүүдө жана колдонууда.

Окуу материалынын өздөштүрүүсүн текшерүү үчүн смартфондорду колдонуу онлайн тесттер, интерактивдүү тапшырмалар жана башка методикалык материалдар жана куралдар аркылуу жүргүзүлүп, окутуу формаларын ар түрдүү кылууга мүмкүндүк берет.

3.3. Окуу видеосун көрүүдө же аудио жазууларды колдонууда.

Окуу видеосун көрүү үчүн смартфондорду колдонуу маалыматты кызыктуу көрсөтүүгө жана окуу процессин ар тараптуу кылууга мүмкүнчүлүк берет. Аудио жазууларды колдонуу тил сабактарында сүйлөө жөндөмүн өрчүтүүгө жардам берет.

3.4. Маалымат издөө үчүн QR-коддорду окууда.

QR-кодун окуу үчүн смартфонду колдонуу мугалимдин окуу китептеринде жана методикалык материалдарында QR-кодго шилтеме берген маалыматты издөө убактысын кыскартат.

3.5. Электрондук күндөлүктү колдонууда.

Электрондук күндөлүк окуучуларга заманбап билим берүү ресурстарына жана технологияларына жеткиликтүүлүккө бирдей мүмкүнчүлүк берет. Колдонмо мектептин актуалдуу окуялары, бала жөнүндө маалымат, анын иши жана үй тапшырмасынын аткарылышы жөнүндө кабар берет.

3.6. Атайын шаймандар жана техникалар менен жабдылган атайын багыттагы класстарда (информатика кабинеттери, smart-класстар) смартфондорду колдонуу.

4. Ден соолугуна байланыштуу телефонду колдонууга муктаж болгон балдарга уюлдук байланыш каражаттарын колдонууга чектөө коюлбайт.

5. Өзгөчө кырдаалдар учурунда жалпы билим берүү уюмдарында уюлдук байланыш каражаттары менен колдонууга чектөө коюлбайт.

6. Класста смартфондорду рюкзактардан алып чыгуу жогоруда көрсөтүлгөн пунктарга ылайык, максаттуу колдонуу учурларда гана сунушталат.

*Смартфондорду колдонуунун негизги максаты - окуу процессин ар тараптуу кылуу жана маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруу көндүмдөрүн үйрөтүү болуп саналат. Ушуга байланыштуу билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн жалпы билим берүү уюмуна киргенде уюлдук байланыш каражаттарын "үнсүз" режимге которуунун максатка ылайыктуулугун кароо зарыл (анын ичинде элес термелүүлөрдү болтурбоо үчүн титирөө режимин колдонууга болбойт).*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ**
**ТОКТОГУЛ атындагы**
**№ 6 орто мектеби**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**сш №6 им.ТОКТОГУЛА**

**№ 1 буйруктан көчүрмө**

01.09.2022-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**# 1**

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүуюмдарында окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонуу тууралуу Сунуштарды бекитүү жөнүндө**

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 30-августтагы № 1655/1 буйругунун негизинде **буйрук кыламын:**

1. КРнын жалпы билим берүүуюмдарында окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонуу тууралуу Сунуштар тиркемеге ылайык жүргүзүлсүн (тиркеме тиркелди).
2. Билим берүү процессин жүргүзүүдө уюлдук байланыш каражаттарын колдонууга чектөө зарылдыгы жөнүндө мугалимдерге, бардык класстардын окуучуларына жана ата-энелерине билдирүү жөнөтүлсүн.
3. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө тарбия завучу Г.Бекеновага жүктөлсүн.

**Мектеп директору : Сарытаева Д.Т.**